# Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Үй-бүлөлүк зордук зомбулук боюнча талдоосу

# “Үй-бүлөлүк жаңжал” инциденти боюнча катталган маалыматтар


| 2022-жылы | 2023-жылы | 2024-жылы |
|---|---|---|
| **11 174** билдирүү катталган | **14 020** билдирүү катталган (25% өскөн) | **18 081** билдирүү катталган (61,8% өскөн) |
| **239** факты боюнча кылмыш иштери козголгон | **242** факты боюнча кылмыш иштери козголгон | **259** факты боюнча кылмыш иштери козголгон |
| **10 124** факты боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартылган | **12 695** факты боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартылган | **15 033** факты боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартылган |
| **811** билдирүү **өндүрүшкө бириктирилген** | **1083** билдирүү **өндүрүшкө бириктирилген** | **2 789** билдирүү **өндүрүшкө бириктирилген** |

**Негизги себептер:**


- үй-бүлөлүк зомбулуктун реалдуу өсүп жатканы,
- жарандардын маалымдуулугу жогорулап, укук коргоо органдарга кайрылып жаткандыгы.

# Үй-бүлөлүк зомбулук менен байланышкан кылмыш иштер

| 2022-жылы | 2023-жылы | 2024-жылы |
|---|---|---|
| **452** кылмыш иш | **483** кылмыш иш (6,8% өскөн) | **570** кылмыш иш (25,8% өскөн) |



# Үй-бүлөлүк зордук зомбулук фактылары менен козголгон кылмыш иштеринин түрлөрү боюнча



# 2025-жылдын 9-айына карата үй-бүлөлүк зордук зомбулук фактылары боюнча

**16 659** билдирүү катталган

**456** фактыы боюнча кылмыш иштери козголгон

**4 236 протокол** Укук бузуулар жөнүндө кодексинин бер. түзүлгөн

# Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун себептери: Кыргызстан жана дүйнөлүк тажрыйба

| Дүйнөдөгү үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун себептери | Кыргызстандагы үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун себептери |
|---|---|
| Үстөмдүк гендердик ролдор – коомдук нормалар зордук-зомбулуктун пайда болушуна шарт түзүшү мүмкүн. (nasiliu.net) | Салттык көз караштар жана патриархалдык түшүнүктөр – айрым коомдордо зордук-зомбулук үй-бүлөнү башкаруунун бир ыкмасы катары кабыл алынат. (cyberleninka.ru) |
| Бала кездеги психологиялык травма – бала кезинде зордук-зомбулукка кабылган жана күбө болгон балдар чоңойгондо аны кайталашы мүмкүн. (psyjournals.ru) | Үй-бүлөлүк зордук-зомбулукту кайталоо – бала кезинде зомбулукка кабылган адамдар чоңойгондо ошол эле жүрүм-турумду кабыл алышат. (journal.oshsu.kg) |
| Социалдык стресс жана жакырчылык – экономикалык көйгөйлөр үй-бүлө ичиндеги чыңалууну күчөтүп, зордук-зомбулукка алып келиши мүмкүн. (ru.wikipedia.org) | Экономикалык кыйынчылыктар жана финансылык көз карандылык – материалдык кыйынчылыктар үй-бүлөлүк мамилелердин начарлашына алып келет. (cyberleninka.ru) |
| Алкоголь жана баңгизаттарды колдонуу – агрессивдүүлүктү күчөтүп, адамдын өзүн-өзү көзөмөлдөө жөндөмүн төмөндөтөт. (cabar.asia) | Алкоголдук көз карандылык – Кыргызстанда үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун 75% алкоголдук ичимдиктерге байланыштуу. (cabar.asia) |
| Ички агрессия жана психикалык туруксуздук – стресс жана психологиялык көйгөйлөр үй-бүлөлүк зомбулукту күчөтүшү мүмкүн. (ru.wikipedia.org) | Психологиялык жана эмоционалдык көйгөйлөр – айрым адамдар ички агрессиясын үй-бүлө мүчөлөрүнө чыгарышы мүмкүн. (cyberleninka.ru) |
| Коомдук салттар жана маданий нормалар – кээ бир өлкөлөрдө үй-бүлөлүк зордук-зомбулук нормалдуу көрүнүш катары каралышы мүмкүн. (ru.wikipedia.org) | Салттык адаттар жана коомдук нормалар – айрым учурларда аялдарга жасалган зомбулук, аларды тартипке салуу үчүн колдонулушу мүмкүн. (cyberleninka.ru) |

**Эскертме:**

- Бул маалыматтар ачык булактардан жана интернетте жеткиликтүү болгон илимий макалалардан алынган
- Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун себептери ар кайсы өлкөлөрдө маданиятка, экономикага жана коомдук түзүлүшкө жараша өзгөрүшү мүмкүн
- Бул көйгөйдү чечүү үчүн мыйзам талаптары күчөтүлүп, алдын алуу иш-чаралары жана жабырлануучуларды коргоо механизмдери тиешелүү дэеңгелде аткарылышы абзел

# Үй-бүлөлүк зордук зомбулукту жана балдар арасындагы кылмыштуулукту алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары

1) **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ**
2) «ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН КОРГОО ЖАНА АНЫН АЛДЫН АЛУУ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ (2017-ЖЫЛ, ӨЗГӨРТҮҮЛӨРҮ МЕНЕН 2024-ЖЫЛ)
3) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИ
4) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ
5) «МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН КЕПИЛДЕНГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
6) «ПРОБАЦИЯ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
7) «СОЦИАЛДЫК КЫЗМАТТАР ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
8) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 01.08.2019-ЖЫЛДЫН 390 САНДУУ ТОКТОМУ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН «ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТОО ЖАНА КОРГОО ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ»
9) КООПТУУ КЫРДААЛДАРДЫН ТОБОКЕЛДИГИН БААЛОО МЕТОДИКАСЫ ЖАНА УБАКТЫЛУУ КОРГОО ОРДЕРИНИН ФОРМАСЫ




**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МҮЧӨ БОЛГОН ЭЛ АРАЛЫК ДОКУМЕНТТЕР:**

1) АЯЛДАРГА КАРАТА ДИСКРИМИНАЦИЯНЫН БАРДЫК ФОРМАЛАРЫН ЖОЮУ ЖӨНҮНДӨ КОНВЕНЦИЯ (CEDAW, 1979-Ж.)
2) БАЛА УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ КОНВЕНЦИЯ (1989-Ж.)
3) МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ КОНВЕНЦИЯ (2006-Ж.)

# Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоону жана анын алдын алууну жүзөгө ашыруучу субъекттер

**1. Мамлекеттик органдар жана мекемелер:**

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети;
- Координациялоочу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган
- Сот органдары
- Прокуратура
- Ички иштер органдары
- Социалдык өнүктүрүү органдары
- Саламаттыкты сактоо органдары
- Билим берүү органдары
- Юстиция органдары
- Пробация органдары
- Жазаларды аткаруу органдары
- Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган
- Президенттин өкүлдөрү (областтарда)
- Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары

**2. Башка мамлекеттик жана көз карандысыз институттар:**

- Акыйкатчы (Омбудсмен)
- Адвокатура
- Массалык маалымат каражаттары

**3. Коомдук жана жеке субъекттер:**

- Коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар
- Консультативдик-профилактикалык борборлор (кризистик борборлор)
- Социалдык кызматтар жана баш калкалоочу жайлар
- Жарандар

**4. Аймактык деңгээлдеги координациялык түзүмдөр:**

-Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер

# Үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү чараларын каржылоонун жетишсиздиги

Кризистик борборлорду каржылоо мамлекеттик социалдык заказ аркылуу ишке ашырылат, бирок бөлүнгөн каражаттар жетишсиз бойдон калууда:

Акыркы беш жылда кризистик борборлорду каржылоо көлөмү жылына 5,4 млн сомдон 7 млн сомго гана өскөн.

- Кыргызстан боюнча жалпы **18 кризистик борбор** иштейт, алардын ичинен **10 борбор жабырлануучуларга баш паанек берет**, ал эми **9 борбор агрессорлор үчүн коррекциондук программаларды сунуштайт** (Бирок бул сандын региондордогу борборлордун санына салыштырмалуу жетишсиз экени көрүнөт: мисалы, зомбулук фактылары боюнча 18 000 билдирүүнү 18 борборго бөлгөндө, ар бир борборго орточо эсеп менен 1 000 жабырлануучу туура келет. Башкача айтканда, мекемелердин жетишсиздигине байланыштуу, бардык жабырлануучуларга жардам көрсөтүү мүмкүн болбой келүүдө.

,

**Көйгөйлөр:**

- Айыл жерлеринде жана алыскы аймактарда кризистик борборлордун саны жетишсиз.
- Жабырлануучуларды коргоо жана агрессорлорду реабилитациялоо боюнча иш-чараларга максатталган социалдык программалардын каржылоосу жетишсиз.
- Каражаттарды тең салмактуу бөлүштүрүү боюнча көйгөйлөр

Мисалы, Бишкек шаары, Чүй облусу, Талас облусу, Ысык-Көл облусу жана Нарын облусунда үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана алдын алуу чаралары каржыланбайт, ошол эле учурда Баткен облусу — 168 000 сом, Ош облусу — 4 778 600 сом, Жалал-Абад облусу — 7 582 000 сом бөлүнгөн, бирок бул суммалар социалдык кызматтардын толук кандуу иштешине жана жабырлануучуларга жардам көрсөтүүгө жетишсиз.

- Мамлекеттик түзүмдөр менен кризистик борборлордун жана социалдык кызматтардын ортосунда өз ара аракеттенүү формалдуу мүнөздө жүрүүдө.
- Көпчүлүк учурда кызматташтык документтерде гана көрсөтүлөт, бирок иш жүзүндө аткаруу эффективдүү эмес.

# Профилактикалык иш-чаралардын жетишсиздиги

Жабырлануучулар көбүнчө өз укуктарын жана жардам алуу мүмкүнчүлүктөрүн билишпейт.

Профилактикалык иштер туруктуу эмес жана максаттуу топторго жетпейт.

**Көйгөйлөр:**
- Телевидение, радио жана интернетте маалымат берүү программаларынын жетишсиздиги.
- Коомдук уюмдардын маалыматтык кампанияларга чектелүү катышуусу.
- Жаштар жана өспүрүмдөр менен системдүү иштин жоктугу, бул үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу туура эмес стереотиптердин калыптанышына алып келет.




# Коргоо чараларынын мониторинги жана контролдугу

Коргоо чаралары көп учурда кагаз жүзүндө калууда жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө жетишсиз

**Көйгөйлөр:**

- Коргоо ордерлеринин жана агрессорлор үчүн чектөө чараларынын аткарылышын көзөмөлдөө жетишсиз
- Профилактикалык программалардын натыйжалуулугун баалоо механизмдери колдонулбайт
- Тобокелдик тобундагы үй-бүлөлөрдү каттаган бирдиктүү реестр каралган эмес.



# Прокуратура

Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы аракеттенүү чөйрөсүндө прокуратура органдары ырааттуу функцияларды жүзөгө ашырат. КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзамынын 9-беренесинин 3-1 пунктуна ылайык зомбулуктан коргоо жана ага бөгөт коюу ишин жүзөгө ашырган ыйгарым укуктуу субъекттер үчүн отчетторду түзүү жана тапшыруу тартиби бирдиктүү негизде аныктоо прокуратура органдарына жүктөлгөн.

Учурда прокуратура органдары ар бир субъект үчүн өзүнчө отчеттук формаларды иштеп чыгууда, иш-чаралар аяктагандан кийин, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар ар квартал сайын үй-бүлөлүк зордук зомбулукту алдын алуу боюнча алып барылган иш чаралар жөнүндө КРнын Башкы прокуратурасына тапшырат.

Бул отчёттордун негизинде алынган маалыматтар системдүү түрдө чогултулуп, жалпыланып, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу механизмдерин өркүндөтүүгө багытталган чаралар кабыл алынат.

# Сунуштаган чаралар

**Ведомстволор аралык кызматташтык:**

– Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча бирдиктүү реестр түзүү

– ИИМ, социалдык органдар жана кризистик борборлор ортосунда маалымат алмашууну күчөтүү

– Ар үч ай сайын ведомстволор аралык жыйындарды өткөрүү

**Профилактика:**

– Мектептерге жана ЖОЖдорго билим берүү программаларын киргизүү

– Зомбулуктун алдын алуу боюнча маалыматтык кампанияларды жүргүзүү

**Мониторинг жана отчеттуулук:**

– Жылдык отчет формаларын иштеп чыгуу

– Расмий сайттарда маалыматарды өз убагында жарыялоо

– Кызматкерлер үчүн квалификацияны жогорулатуу программаларын бекитүү

# Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат.